**“Ата Мекен”**

Сөзү: Шайлообек Дүйшеевдики

Обону: Муратбек Бегалиевдики

Аткаруучу: Болот Миңжылкиев

Арзып келсем, сагынычым жазылган,

Абаң атыр, арчаң килем жашылдан.

Ала-Тоодой аскар тоолор кимде бар,

Айланайын, кыргыз жери атыңдан.

Кайырма:

Ата Мекен, өзүңдү,

Ардактайбыз, даңктайбыз.

Ата Мекен, өзүңдү

Өмүр бою сактайбыз,

Ала-Тоодой алтын,

Айланайын калкым,

Ай-ааламга сактайбыз!

Кылымдардын күүсү сага катылган,

Кыйырына алп Манасты батырган.

Кызгалдактуу кымбат тоолор кимде бар,

Кыргыз жери, айланайын атыңдан.

Кайырма:

Ак мөңгүлөр ай нуруна чагылган,

Арманың жок, таалай-бактың табылган.

Асманыңдан шумкар учуп ааламга,

Аска-зооңдон достук ыры жаңырган.